2.5.

# №97 ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИНИН ПЕДАГОГИКАЛЫК КЕҢЕШИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

**КАРАЛДЫ**

Педагогикалык кеңештин
№ 1- токтому
«30» август 2022-ж.

**БЕКИТЕМ**

№97 жалпы орто билим берүү мектебинин директору

З.Э. Жээнтева

«30» август 2022-ж.

**№97 жалпы орто билим берүү мектебинин педагогикалык кеңеши жөнүндө**

**ЖОБО**

1. ***Жалпы жобо***

Педагогикалык кеңеш №97 жалпы билим берүү мектебинин коллегиалдуу органы болуп эсептелет.

1.2. Педагогикалык кеңеш мектептин Уставынын негизинде түзүлөт жана иш алып барат.

1.3. Педагогикалык кеңеш өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамына,өкмөттүн жана Билим берүү жана илим министрлигинин токтом,чечим, буйруктарына ,мектептин Уставына жана ушул жобого ылайык иш алып барат.

**2. Педагогикалык кеңештин ишинин максаты**

2.1. Педагогикалык кеңеш мектептин окуу процессин өнүктүрүүгө жана окуучуларга сапаттуу билим берүү максатында иш алып барат.

2.2. Педагогикалык кеңештин ишинин максаты болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- Мектепте окуу процессинин уюштурулушу жана усулдук жактан камсыз болушу;
- Окуу программаларын карап чыгуу жана кабыл алуу;
- Ушул жобонун талаптарына ылайык окуу процессинин уюштурулушу жана камсыз болушун карайт;
- Окуучулардын жетишүүсүн,жыйынтыктоочу жана аралык аттестациясынын жыйынтыктарын,окуучулардын жыйынтыктоочу мониторингин анализдөөнүн негизинде билим берүүнүн жыйынтыгын көзөмөлдөөнү кароо;
- Мектептин жана усулдук бирикмелердин ишмердүүлүктөрүн жакшыртуу боюнча сунуштарды карап чыгуу;

**3. Кичи педагогикалык кеңештин компетенттүүлүгү**

- Мектеги окуу тарбия ишинин формаларынын жакшыртылышы, мугалимдердин жана бирикмелердин билим берүү ишмердүүлүгүнүн жакшыртылышы боюнча талкуу жүргүзүү;
- Окуучулардын жетишпей калуу себептерин аныктоо жана аны жоюучу иш чараларды уюштурууну кароо;
- Олимпиадалык,долбоордук иштердин уюштурулушун жана өткөрүү боюнча иш-чараларды талкуулоо жана бекитүү;

- Окуучулардын жетишпегендиги жана тартип бузгандыгы боюнча мектепте иш-чаралаларды жургүзүү боюнча сунуштарды кароо;
- Ички көзөмөлдүн негизинде алдын алуу окуучулардын билиминин,көндүмдөрүнүн, жетишкендиктеринин сапатын чыгаруу;
- Окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында 1- класс, 5- класс, 10-класстын окуучуларынын адаптацияланышына анализ жүргүзүү;
- Окуу процессинин документтерин көзөмөлдөө;

**4. Педагогикалык кеңешти түзүү жана анын мүчөлөрү**

4.1. Педагогикалык кеңешке мектептин директору, орун басарлары жана педагогикалык кызматкерлер кирет;

4.2. Педагогикалык кеңештин төрагасы (төрайымы) болуп мектептин директору эсептелет.

4.3. Педагогикалык кеңештин ичинен ачык добуш менен катчы шайланат жана ал коомдук байланышта иштейт.

**5. Педагогикалык кеңештин отурумдары жана кабыл алган чечимдери**

5.1. Кичи педагогикалык кеңеш бир айдан кем эмес убакытта өзунун отурумунда чогулат.

5.2 Педагогикалык кеңеш мектепте ар бир окуу жылынын башында,аягында жана чейректин аягында өзүнүн отурумун өткөрөт.

5.3 Педагогикалык кенеште анын мүчөлөрүнүн жарымынан көбү катышса, ал отурумда өткөрүүгө укуктуу болуп эсептелинет.

5.4. Педагогикалык кеңеш мектепте дайыма иш алып баруучу коллегиалдуу органы болгондуктан мөөнөтсүз мүчөлүккө акылуу.

5.5. Педагогикалык кеңеш ачык добуш менен чечимдерди кабыл алат жана чечимдери токтом менен такстыкталат.

Педагаогикалык кеңештин чечими эгерде ага катышкан мүчөлөрдүн көпчүлүгү макул болгон добуштарын беришсе,кабыл алынды деп эсептелинет.

5.6. Педагогикалык кеңештин отурумуна анын мүчөсү болбогон төмөнкү адамдар катышуусу мүмкүн:

- мектептин педагогикалык кеңешинин мүчөсу болбогон кызматкери;
- мектеп менен граждандык-укуктук келишим мене ниш алып барган атуулдар;
- педагогикалык кеңештин макулдугу менен кээ бир мектептин окуучулары жана алардын ата-энелери;
- билим берүү уюмуну башкарган жогорку органдар жана социалдык партнерлор;
- атайын чакырылган өкулдөр;

5.7. Кичине педагогикалык кеңештин ишинин жыйынтыгы окуу жылынын аягындагы отурумда өткөрүлөт.

5.8. Педагогикалык кеңешменин чечими мектеп боюнча буйрук чыгырууга негиз болот.

5.9. Педагогикалык кеңеш башкаруу жана дисциплинардык чечим кабыл алууга укуктуу. Чечим көпчүлүктун добушу менен кабыл алынат.

5.10. Педагогикалык кенешменин добушунда бирдей добуш болуп калган учурда кеңештин төрагасынын (төрайымынын) добушу чечүүчү деп саналат.

5.11. Педагогикалык кеңештин чечими менен мектептин жетекчилигинин макулдугу дал келбей калса,жетекчи педагогикалык кеңештин иш-аракетин токтотуп,кайра кароо үчүн чечимди артка кайтарат.

5.12. Педагогикалык кеңештин чечими мектептинжетечисинин буйругу чыккан күндөн баштап күчүнө кирет.

5.13. Педагогикалык кеңештин чечими боюнча наразычылыкты мектептин талаш-тартыш комиссиясы Кыргыз Республикасынын мыйзамынын чегинде карайт жана чечим чыгарат.

**6. Педагогикалык кеңештин мүчөлөрүнун милдеттери жана укуктары**

6.1. Педагогикалык кеңештин ар бир мүчөсү пед кеңеште каралып жаткан маселе боюнча өз пикирин, сунушун билдирип талкууга катышууга укугу бар жана өзун кызыктырган мектептин ишмердүүлүгүн өнүтүрүүгө тиешелүү маселелер боюнча сунуш киргизе алат.

6.2. Ар бир педдагогикалык кеңеште анын мүчөлөрү толук катышууга пед кеңештин Ишине активдүү салып кошууга жана өзүнө жүктөлгөң тапшырмаларды өз убагында так аткарууга милдеттүү.

**7. Педагогикалык кеңештин документтери**

7.1. Педагогикалык кеңештин отуруму токтом менен тастыкталып, ага төрага (төрайым) жана катчы кол коёт. Ар бир потоколго анын номери отурум өткөн күн, катышкандардын саны, күн тартиби жана талкууланган маселелер боюнча кабыл алынган чечимдер жазылат.

7.2. Педагогикалык кеңештин токтомдору мектептин архивине беш жылга чейин сакталат.